# БАЙКООЧУДАН КЫСКА-НУСКА МААЛЫМАТ

2021-жылдын 11-апрелинде өткөн жергиликтүү кеңештерге шайлоого көз карандысыз байкоо жүргүзүүнүн алкагында, "Жалпы иш" коомдук фонду, анын ичинде, талапкерлердин тизмесиндеги кырдаалды, алардын каттоодон мурун кандай болгонун жана мандаттардын бөлүштүрүлгөндөн кийинки тизмеси кандай өзгөрүлгөнүнө да талдоосун жүргүзөт.

Фонд өлкөнүн тогуз шаарында: Бишкек, Ош, Баткен, Жалал-Абад, Каракол, Кайыңды, Нарын, Талас, Токмокто өткөн шайлоолорго байкоо жүргүзүп, алардын ичинде үчөөсүндө шайлоонун жыйынтыктары жокко чыгарылды (Токмок, Ош, Бишкек). Ошондуктан, бул документ алты шаардагы шайлоого катышкан партиялардын талапкерлеринин тизмесиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматты камтыган.




*Маалымат 2021-жылдын 20-майына карата даярдалган жана бул маалымат акыркы эмес, анткени мыйзамдар партиялардын талапкерлеринин тизмесин өзгөртүүгө тыюу салбайт.*

Көз карандысыз байкоо боюнча, көпчүлүк саясий партиялар шайлоо мыйзамдарындагы кемчиликтерди колдонушуп, шайлоого катышуу үчүн талапкерлердин баштапкы тизмесин каттоодо колдонушкан жана шайлоонун аягында талапкерлердин тизмесин өзгөртүшкөн жана жергиликтүү кеңештерге шайлоодо 2021-жылдын 11-апрелинде добуш бергенден кийин мандаттарды башкача бөлүштүрүшкөн.

Фонд, кээ бир саясий партиялардын мындай иш-аракеттерин талапкерлердин тизмесине карата мүмкүн болгон манипуляциялоо деп эсептейт жана бул жерде айрым талапкерлердин укуктары бузулуусу мүмкүн деп белгилейт.

> ***«Байкоо учурунда топтолгон маалыматтарга ылайык, шайлоонун жыйынтыгы боюнча саясий партиялардын талапкерлеринин акыркы тизмелерине 48 талапкер боюнча өзгөртүүлөр киргизилген. Башкача айтканда, ар кандай себептерден улам баштапкы талапкерлердин дээрлик үчтөн бир бөлүгү акыркы тизмеден чыгарылган жана жергиликтүү кеңештин депутаты катары мандаттарын ала алышкан жок».***

**Мисалы, Каракол, Жалал-Абад, Баткен, Кайыңды, Талас жана Нарын шаарларында, жергиликтүү кеңештерге шайлоодо жалпы 29 саясий партия жана 171 талапкер**

**7%**

**шайлоо босогосун ашып өтүштү.**

**Баткен шаарында** 4 саясий партия шайлоодо 7 пайыздык босогосун өтүшкөн. Бардык 4 партия талапкерлердин акыркы тизмесин өзгөртүшкөн, башкача айтканда 9 талапкердин тизмеси өзгөрүлүп, башка талапкерлер мандат алышкан.

**Жалал-Абад шаарында** 3 саясий партия шаардык кеңешке өтүшкөн. Ошондой эле, алардын ичинен Ата-Журт-Кыргызстан партиясы тизмелерин өзгөртүп, 8 жаңы талапкер шаардык кеңешке депутат болуп келишкен. Шайлоо босогосунан өткөн “Өнүгүү-Прогресс” жана “Ыйман Нуру” саясий партиялары алгач катталуу үчүн берилген талапкерлердин тизмесин өзгөртүшкөн жок.

**Нарын шаарында** 7 саясий партия шаардык кеңешке өттү. Бул партиялар 17 талапкердин тизмесиндеги ордун өзгөртүшкөн.

**Кайыңды шаарында** 5 саясий партия шаардык кеңешке өттү. Тизмеде 1 талапкер өзгөргөн. Кеңешке өткөн "Столица", "Тынчтык", "Улуу-Журт" жана "Ыйман Нуру" саясий партиялары алгач катталуу үчүн берилген талапкерлердин тизмесин өзгөртүшкөн эмес.

**Талас шаарында** 5 саясий партия шаардык кеңешке өтүшкөн, талапкерлердин баштапкы тизмесинен баштап 6 талапкерде өзгөрүүлөр болду. Шайлоо босогосунан өткөн "Республика" саясий партиясы өз тизмесин баштапкы калыбында калтырды.

**Каракол шаарында** 5 саясий партия шайлоо босогосунан өтүшкөн, 7 талапкерде өзгөрүүлөр болду. "Ыйман Нуру" жана "Замандаш" саясий партиялары талапкерлердин берилген алгачкы тизмесин өзгөртүшкөн эмес.

Ошол эле учурда, Фонд шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоого катышкан саясий партиялардын баштапкы тизмесинде бекитилген талапкерлер тарабынан, өзгөртүүлөрдүн мыйзамсыздыгына жана негизсиздигине байланыштуу арыздар же даттануулар аймактык шайлоо комиссияларына келип түшкөн эмес. Талапкерлердин тизмелердеги өзгөрүүлөрдүн (өйдө же ылдый кыймылдардын) натыйжасында мыйзамдардын талаптарына ылайык гендердик квоталар өзгөрүүсүз калды.

2019-жылдагы шайлоо мыйзамдарындагы өзгөрүүлөргө чейин партиялар талапкерлердин макулдугун албай туруп эле, партиялык тизмелерди өз алдынча өзгөртө алышкан. Ал эми азыр партиялардын талапкеринин жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана мандат алуу үчүн партиялык тизмелерди жаңырта алышат. Шаардык кеңештеги мандат талапкерлеринин тизмесинин акыркы варианты шайлоонун расмий жыйынтыктары жарыяланганга чейин берилиши керек.

«Жалпы иш» Фонду саясий партияларды шайлоолор башталгандан мандат алганга чейин, тактап айтканда, талапкерлерди белгиленген тизмелер боюнча партиялардын тизмесине киргизип жана кайта боло турган жана келечектеги шайлоолорго катышууда туруктуу болууга; башкача айтканда квоталарды бузбоого жана өзгөрүүлөрдү киргизбөөгө чакырат.

Фонд буга чейин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайлоо мыйзамдарында саясий партиялардын талапкерлердин катталгандагы тизмесин, добуш берүү күнүнөн кийин талапкерлердин тизмесин өзгөртүүгө тыюу салган ченемди киргизүүнүн зарылдыгын белгилеген (албетте талапкер өз каалоосу менен жазуу жүзүндө мандатынан баш тарткан учурларды кошпогондо).

Ошондой эле Фонд тарабынан сунуштар иштелип чыккан, аларга ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун жыйынтыктары бекитилгенден кийин, партиянын талапкерлеринин тизмесин өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу үчүн, партиялардын өзүлөрүнүн ичинде ички демократиялык башкаруунун натыйжалуу жол-жоболорун иштеп чыгуу жана күчөтүү үчүн шайлоо мыйзамдарына жана башка укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарыл.




"Жалпы иш" Фонду Токмок, Ош жана Бишкек шаарларында көз карандысыз байкоо жүргүзүүнү улантууда, анткени бул шаарларда жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоонун жыйынтыктары айрым саясий партиялар тарабынан одоно мыйзам бузуулары шайлоочулардын өз пикирин билдирүүгө таасир эткендиктен жокко чыгарылган.

